ICNL

www.icnl.org
info@icnl.org

Талдоо

# Чет өлкөлүк өкүлдүн милдетин аткарып жаткан коммерциялык эмес уюмдардын реестрин жүргүзүүнүн жана алардын ишин текшерүүнүн тартиби жөнүндө жобо[1]

**2024-ЖЫЛДЫН 17-СЕНТЯБРЫ**

## Кириш сөз

2024-жылдын 27-августунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн №518 токтому менен (мындан ары – №518 Токтом) "Чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткарып жаткан коммерциялык эмес уюмдардын реестрин жүргүзүүнүн жана алардын ишин текшерүүнүн тартиби жөнүндө жобону" (мындан ары – Жобо)[2] бекиткен. №518 Токтом «"Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын (КР) Мыйзамын[3] (мындан ары – Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзам) ишке ашыруу максатында кабыл алынган, ал чет өлкөлүк каржылоону алган жана "саясий ишти" жүзөгө ашырган коммерциялык эмес уюмдарды (КЭУ) Чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткарып жаткан КЭУлардын атайын реестринде (мындан ары – Реестр) каттоону карайт.

"Ченемдик укуктук актылар жөнүндө" КР Мыйзамынын (мындан ары – ЧУА жөнүндө мыйзам) 22-беренесине ылайык "*жарандардын жана юридикалык жактардын*

[1] 2024-жылдын 16-майында юстиция министри өзүнүн буйругу менен Чет өлкөлүк өкүлдүн милдетин аткарып жаткан коммерциялык эмес уюмдардын реестрин жүргүзүүнүн жана алардын ишин текшерүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекиткен. Юстиция министрлиги жана Министрлер Кабинети Юстиция министрлигинин Жобосу кандай максатта жана качан жоюлгандыгы тууралуу расмий маалымат беришкен жок. Анткен менен, Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актылары Юстиция министрлигине караганда жогорку юридикалык күчкө ээ экенин эске алганда, коммерциялык эмес уюмдар мындан ары жаңы Жобону жетекчиликке алууга тийиш. Жаңы Жобо тууралуу ушул Талдоодо сөз болот.

[2] №518 Токтомдун жана Жобонун текстин бул жерден караңыз: https://cbd.minjust.gov.kg/7-31405/edition/15185/ru.

[3] Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзамдын тексти: https://cbd.minjust.gov.kg/4-5321/edition/6031/ru.

*кызыкчылыктарына тикелей тиешеси болгон ченемдик укуктук актылардын долбоорлору, […] ченем чыгаруучу органдын расмий сайтына жайгаштыруу жолу менен коомдук талкуулоого жатат*". ЕККУ ДИАУБнын бирикмелердин эркиндиги боюнча жетектөөчү принциптери (Жетектөөчү принциптер) да бирикмелердин кызыкчылыктарына тиешеси бар ченемдик укуктук актыларды даярдоонун жана колдонуунун жүрүшүндө бирикмелер менен консультацияларды өткөрүүнүн зарылдыгын белгилейт (32-п., 106-п.) Анткен менен, Министрлер Кабинети Бирдиктүү порталда (http://www.koomtalkuu.gov.kg) коомдук талкуу үчүн долбоорду жарыялаган жок, бул болсо ченем жаратуу процессин бузуу болуп саналат.

2024-жылдын 9-сентябрында Юстиция министринин №169 «"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы №518 "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомун ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" буйругу (мындан ары – ЮМнын №169 Буйругу) менен төмөнкүлөр бекитилди:[4]

- Реестрдин формасы,
- Реестрге киргизүү жөнүндө арыздын формасы,
- Реестрден чыгаруу жөнүндө арыздын формасы.

Бул Талдоону жогоруда аталган актылардын айрым жоболорунун КР мыйзамдарына, анын ичинде Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө Мыйзамга жана адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга каршы келип жатканына тынчсызданган КЭУлардын суроо-талабы боюнча Эл аралык Коммерциялык эмес укук борбору (ICNL)[5] даярдады.

## Талдоо

### 1. ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ӨКҮЛДӨР ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДА КАРАЛБАГАН, МААЛЫМАТТАРДЫ БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ КЭУларга КОЮЛГАН АШЫКЧА ТАЛАПТАР

Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө Мыйзамга ылайык Реестрге чет өлкөлүк өкүлдүн (КЭУ-"чет өлкөлүк өкүл") функциясын аткарып жаткан КЭУнун аталышы, анын уюмдаштыруучулары жана жетекчиси жөнүндө маалыматтар киргизилет. Анткен менен Жобонун 8-пунктуна ылайык Реестрге Мыйзамда каралбаган КЭУ-"чет өлкөлүк өкүл" жөнүндө төмөнкү маалыматтар да киргизилет:

- юридикалык дареги,
- банк эсебинин реквизиттери,

[4] Буйруктун текстин бул жерден караңыз: https://drive.google.com/file/d/1TJaZaV4pS7A3FdHElvZFGXh2fiFUEHMz/view.

[5] Эл аралык Коммерциялык эмес укук борбору – жарандык коомдун уюмдарын, кайрымдуулукту жана жарандык катышууну укуктук жөнгө салуу маселелери боюнча мамлекеттик органдарга жана КЭУларга жардам көрсөтүүчү эксперттик уюм.

- уюмдаштырууучунун (уюмдаштыруучулардын) жана жетекчинин идентификациялык салык номери (ИНН),
- кызматкерлер жөнүндө маалыматтар (кызматкерлердин аты-жөнү).

Юстиция министрлигинин №169 буйругу андан ары КЭУ-“чет өлкөлүк өкүл” Юстиция министрлигине берчү маалыматтардын тизмегин кеңейтет, аларды Реестрге киргизүү жөнүндө арызда төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

- маалыматтык ресурска шилтеме (эгерде бар болсо),
- кызматкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, ИННи, кызмат орду жана кызматкерди дайындоо жөнүндө буйруктун/келишимдин реквизиттери.

Мындан тышкары, Жобонун 31-пункту КЭУ-“чет өлкөлүк өкүлдөргө” Юстиция министрлигине кызматкерлерди кабыл алуу же бошотуу жөнүндө жети календардык күндүн ичинде кабарлоону буйруйт.

Бул кошумча талаптар Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзамда каралган эмес жана КЭУларга ашыкча түйшүк жаратат. КЭУ кызматкерлеринин жеке маалыматтарын ачыкка чыгаруу талабы алардын жеке маалыматтарын коргоого болгон укугун бузуп жатат, бул укук Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын (ЖСУЭП) 17-беренесинде жана Конституциянын 63-беренесинде бекитилген. КЭУлардын кызматкерлеринин жеке маалыматтарын киргизүү алардын коопсуздугуна ыктымалдуу коркунуч жаратып, “чет өлкөлүк өкүлдөр” катары стигма коюуга алып келет. “Чет өлкөлүк өкүл” түшүнүгү терс өңүттө кабылданууда. Бул түшүнүк мындай статуска ээ болгон адамдар Кыргызстандын жана анын элинин кызыкчылыгына эмес, чет мамлекеттин же чет өлкөлүк уюмдун кызыкчылыгына кызмат кылат дегенден кабар берет, бирок бул чындыкка жатпайт.

Конституциянын 23-беренесинин 3-бөлүгү *“адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин чектеген мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга”* тыюу салат. ЧУА жөнүндө мыйзамдын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык “*ченемдик укуктук акт өзүнөн жогору юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыга каршы келбеши керек*”. Мындан тышкары, Жетектөөчү принциптерге ылайык (108-пункт), КЭУларга коюлган бардык укуктук жана башка чектөөлөр Конституцияга негизделиши керек же башка мыйзам менен каралууга тийиш. Ошентип, Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзамда болбогон КЭУларга карата жаңы ашыкча оор талаптарды аткаруу үчүн мыйзам алдындагы акт кабыл алынган. Бирок бул талаптар Конституциянын жана ЧУА жөнүндө мыйзамдын ченемдерин, ошондой эле биригүүгө жана жеке маалыматтарды коргоого болгон укуктун эл аралык стандарттарын бузуп жатат.

Белгилей кетсек, 2024-жылдын 23-июлунда Салык кодексине өзгөртүүлөр кабыл алынган. Салык кодексинин 51-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-1-пунктуна ылайык, салык төлөөчү (анын ичинде бардык КЭУлар) салык төлөөчүнүн кабинети аркылуу жалданма

кызматкерлер боюнча салык агентинин Реестрин жүргүзүүгө жана анда жалданма кызматкерлер болуп эсептелген жана аны менен эмгектик мамилелерде турган жеке жактар боюнча актуалдуу маалыматтарды камсыз кылууга милдеттүү[6]. Жалданма кызматкерлер боюнча салык агентинин Реестри КЭУнун бардык кызматкерлери жөнүндө, анын ичинде фамилиясы, аты, атасынын аты, ИНН, кызмат орду ж.б. актуалдуу маалыматтарды камтыйт. Ошентип, мамлекеттик органдарда каалаган юридикалык жактын, анын ичинде КЭУнун кызматкерлери жөнүндө бардык актуалдуу маалыматтар бар. Мамлекеттик органдарда КЭУлардын кызматкерлери жөнүндө бардык зарыл маалыматтар бар болгондуктан, бул маалыматтарды берүү талаптары ашыкча болуп, бири-бирин кайталап, Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзам менен Юстиция министрлигине берилген ыйгарым укуктардын чегинен чыгып жатат.

## 2. КЭУ-“ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ӨКҮЛДӨРДҮ” ТЕКШЕРҮҮ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫНЫН КЕҢЕЙТИЛИШИ ЖАНА АЛАРДЫ ӨЗҮМ БИЛЕМДИК МЕНЕН ТЕКШЕРҮҮДӨН КОРГОО МЕХАНИЗМДЕРИНИН ЖОКТУГУ

Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзам жалгыз мамлекеттик органга – Юстиция министрлигине “*КЭУнун иши, анын ичинде акча каражаттарын чыгымдоо жана башка мүлктү пайдалануу боюнча иши анын уюмдаштыруу документтеринде каралган максаттарга шайкештигин текшерүүгө*” укук берет. Бирок Министрлер Кабинетинин Жобосунда КЭУ-“Чет өлкөлүк өкүлдөрдү” текшерүүгө ыйгарым укуктуу органдардын тизмеси кеңейтилди. Алсак, Жобонун 37-пунктуна ылайык текшерүүлөрдү ошондой эле төмөнкүлөр жүргүзө алышат:

1) салык органдары – финансылык ачык-айкындуулуктун жана салык мыйзамдарынын талаптарын сактоо маселелери боюнча;
2) КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги – КЭУ-“чет өлкөлүк өкүлдөр” өндүргөн же тараткан материалдарды маркировкалоо маселелери боюнча;
3) прокуратура органдары – КЭУлардын саясий ишке катышуусуна, ошондой эле уставдагы максаттарды жана мыйзамдардын башка талаптарды сактаганын текшерүүгө байланышкан маселелер боюнча;
4) иш чөйрөсү жана компетенциясы КЭУлардын ишинин негизги түрлөрүнө тиешелүү болгон башка мамлекеттик органдар – алардын ишинин уставдык максаттарына шайкеш келишине тиешелүү маселелер боюнча.

Ошентип, Министрлер Кабинети өз Жобосунда ага Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзам менен берилген ыйгарым укуктардын чегинен чыгып кетти, себеби бул Мыйзамда КЭУ-

[6] Жалданма кызматкерлер боюнча салык агентинин реестринин формасын бекитүү жөнүндө Буйруктун текстин, ошондой эле жалданма кызматкерлер боюнча салык агентинин реестрин салык төлөөчүнүн жеке кабинетинде толтуруунун тартибин бул жерден караңыз: https://sti.gov.kg/stsStorage/websti/2024/8/23/stidocument_8429569f-a4fc-48e1-8dcb-944184c33301.pdf.

“чет өлкөлүк өкүлдөрдү” текшерүүгө башка мамлекеттик органдардын катышуусу каралган эмес. Жогоруда айтылгандай, Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзамда болбогон КЭУларга карата жаңы ашыкча оор талаптарды аткаруу үчүн мыйзам алдындагы акт кабыл алынган. Бирок бул талаптар Конституциянын 23-беренесинин 3-бөлүгүн, ЧУА жөнүндө мыйзамдын 6-беренесинин 2-бөлүгүн, ошондой эле биригүүгө болгон укуктун эл аралык стандарттарын бузат. Жобо коомдук талкууга коюлбастан кабыл алынганын жана көптөгөн так эместиктерди камтыганын эске алып, Мыйзамды имплементациялоо чектөөлөрдүн укук ченемдүүлүк жана мыйзамдуулук принцибин бузат. Бул принципке ылайык, мыйзам өзгөчө мамлекеттик органдардын иш-аракетинин эркиндигин аныктаган жоболордо так болууга тийиш.[7]

Мындан тышкары, Жобо Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзамды бузуп жатканы же КЭУнун иши анын уставдагы максаттарга шайкеш келбегендиги жөнүндө мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же жалпыга маалымдоо каражаттарынын арыздарынын негизинде КЭУну текшерүүгө уруксат берет. Бирок, Жободо КЭУларды жүйөсүз же өзүм билемдик менен жазылган арыздардан коргоонун так механизмдери жок. Ал текшерүүнү баштардын алдында түшкөн маалыматтын аныктыгын текшерүүнү караштырбайт, бул болсо ыйгарым укукту кыянаттык менен пайдаланууга мүмкүнчүлүк бериши ыктымал.

Жободо ошондой эле текшерүүлөрдүн процессине тиешелүү толук маалыматтар жок. Текшерүүлөрдүн узактыгы жана жыштыгы, ошондой эле прокуратура органдары КЭУлардын саясий ишке катышуусун көзөмөлдөп, баалай турган ыкмалары сыяктуу маанилүү маселелерде тактык жок. Ушул маанилүү деталдардын жоктугу укуктук белгисиздикти жаратып, КЭУлардын ишин калыс жана адилеттүү баалоого болгон укугуна коркунуч жаратышы мүмкүн.

## 3. РЕЕСТРДЕН ЧЫГАРУУНУН ТАТААЛ ТАРТИБИ

Жобого ылайык, Реестрден чыгуу үчүн КЭУ арыз бергенге чейин 12 ай мурда саясий ишин жана/же чет өлкөлүк каржылоону алууну токтотууга тийиш. КЭУдан тиешелүү арыз түшкөндөн кийин Юстиция министрлигинде КЭУ берген маалыматты текшерүү үчүн дагы 60 күн болот. Бул тартип КЭУну “чет өлкөлүк өкүл” критерийлерине жооп бербей калгандан кийин деле Реестрде бир жылдан ашык калууга мажбурлайт.

Жобо КЭУ саясий ишин токтоткону жана/же уюм чет өлкөлүк каржылоону албай калганы жөнүндө тастыктама алгандан кийин беш күндүн ичинде гана Реестрден чыгарылышы мүмкүн экенин тактайт. Жободо акыркы 12 ай ичинде саясий иш жүргүзүлбөгөндүгү жөнүндө тастыктаманы прокуратура органдары берери көрсөтүлгөн, бирок прокуратура

[7] АУЕК, Хасан жана Чауш Болгарияга каршы (Hasan and Chaush v. Bulgaria [GC]), арыз № 30985/96, 2000-жылдын 26-октябрындагы токтом, 84-пункт; АУЕК, Алиев жана башкалар Азербайжанга каршы (Aliyev and Others v. Azerbaijan), арыз №28736/05 2008-жылдын 18-декабрындагы токтом, 35-пункт.

органдары мындай иштин жоктугун кандай жол менен жана кандай критерийлер боюнча аныктай тургандыгы түшүндүрүлгөн эмес.

Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзам Юстиция министрлигине КЭУнун финансылык-чарбалык иши жөнүндө маалыматты кредиттик жана башка финансы уюмдарынан суратууга жана алууга ыйгарым укук берет. Бирок, бул ченем “Банктар жана банк иши жөнүндө” КР Мыйзамынын 67-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келет, анда "*банктык сырды түзгөн маалымат [финансылык чалгындоо органдарын жана ыйгарым укуктуу салык органын кошпогондо] бардык башка жактарга соттун актысынын негизинде гана берилет*” деп жазылган. Ушул эле мыйзамдын 2-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык “*Мыйзамдын [Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзамынын] ченемдери менен Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарынын ченемдеринин ортосунда коллизия болгон учурда банктык укуктук мамилелерди жөнгө салуу үчүн ушул Мыйзамдын [Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзамынын] ченемдери колдонулат*”.

Салык кодексинин 59-беренесинин 1-бөлүгүнүн 7-пункту салык органдарына салык төлөөчүлөрдүн (анын ичинде КЭУлардын) эсептери жана каражаттарынын кыймылы жөнүндө маалыматты алууга мүмкүндүк берет, бирок текшерилүүчү салык төлөөчүгө салык салуу маселелери боюнча гана мындай мүмкүнчүлүк каралган. Реестрден чыгаруу маселелери текшерилип жаткан салык төлөөчүгө салык салууга байланышпаганын эске алганда, салык кызматынын органдарынын бул ыйгарым укуктары КЭУларды чет өлкөлүк каржылоонун бар же жок экендиги жөнүндө тастыктаманы алууга карата колдонулбайт.

## 4. ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИНИН ЧЕЧИМДЕРИНЕ ДАТТАНУУНУН СОТКО ЧЕЙИНКИ ТАРТИБИ

КЭУ Юстиция министрлигинин КЭУну Реестрден чыгаруудан баш тартуу жана КЭУнун ишин токтото туруу жөнүндө чечимине “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” Мыйзамда каралган тартипте даттана алат (Жобонун 28- жана 42-пункттары). Бул демек, КЭУ сотко кайрылаардан мурда алгач Юстиция министрлигинин чечимине министрликтин өзүндө даттанышы керек.

Жетектөөчү принциптерге ылайык (36-пункт), КЭУлар алардын укуктарын жүзөгө ашырууга тиешелүү чечимдерди талашып, же алардын кайра каралып чыгышына жетишүү үчүн натыйжалуу укуктук коргоо каражаттарына ээ болушу керек. Бул КЭУлардын бийликтин ар кандай аракеттерине же аракетсиздигине каршы сотко кайрылуу же даттануу берүү укугун жана мындай чечимдерди сотто каралышына жетүү мүмкүнчүлүгү дегенди билдирет. Укуктук коргоонун натыйжалуу каражатына болгон укукту камсыз кылуу үчүн сот процесстери, анын ичинде апелляция жана чечимдерди кайра кароо адилеттүү соттук териштирүүнүн стандарттарына шайкеш келүүгө тийиш. Юстиция министрлигинин чечимине министрликтин өзүндө даттануу КЭУнун Юстиция

министрлигинин чечимдерин сотто карооо тикелей жеткиликтүүлүгүн чектейт жана укуктук коргонуунун натыйжалуу каражаты деп эсептелбейт.

### 5. ЖОБОДО КАМТЫЛГАН БАШКА КЕМЧИЛИКТЕР ЖАНА ТАК ЭМЕСТИКТЕР

№518 Токтом Реестрге киргизүү үчүн арыздар Юстиция министрлигине Токтом күчүнө кирген күндөн тартып эки айдын ичинде, башкача айтканда, 2024-жылдын 9-ноябрына чейин берилиши керек экенин көрсөтүп турат. Бирок Жобонун 6-пунктунда КЭУ-"чет өлкөлүк өкүлдүн" жетекчиси уюмду Реестрге киргизүү жөнүндө арызды мындай иш-аракет башталган күндөн тартып беш жумушчу күндүн ичинде арыз берүүгө тийиш экендиги белгиленген. Бул болсо Реестрге киргизүү үчүн арыздарды берүү мөөнөтү бөлүгүндө №518 Токтом менен Жобонун ортосунда карама-каршылыкты жаратууда.

Жобо КЭУ-"чет өлкөлүк өкүл" Юстиция министрлигине көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусун отчеттук мезгилден кийинки жылдын 1-майынан кечиктирбестен беришин талап кылат. Бул мөөнөт акционердик коомдор үчүн милдеттүү аудиттин мезгилине туш келип калууда. Аудитордук компаниялар адатта февралдан апрелге чейин акционердик коомдорго милдеттүү аудиттерди жүргүзүп, аларга ашыкча жүк түшкөнүн эске алганда, КЭУлар бош аудиторлорду табууда кыйналышат, ошондой эле бул аудиторлордун кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акы жогору болот. Бул КЭУларга кошумча финансылык оорчулуктарды алып келип, коом үчүн пайдалуу максаттарга жумшалышы мүмкүн болгон каражаттарды аудитордук кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөөгө багыттоого мажбур кылышы мүмкүн.

Жобонун 22- жана 31-пункттарында КЭУнун кызматкерлерине карата "жалдоо келишими" айтылган. КРнын колдонуудагы мыйзамдарында мүлктүк жалдоо келишими деген түшүнүк гана бар, ал мүлктү ижарага алууга тиешелүү болот. Мыйзамдарда эмгек мамилелеринин контекстинде жалдоо келишими жөнүндө сөз болбогондуктан, Жободо "жалдоо келишими" деген эмне экени анык эмес бойдон калууда. Бул белгисиздикти жаратат жана Жобонун талаптарын туура түшүнүүнү жана аткарууну кыйындатат.

## Корутунду

Жетектөөчү принциптерде (22-пункт) бирикмелерге тиешелүү укуктук жоболор жакшы иштелип чыгышы керек деп айтылат. Алар анык, так жана талашсыз болууга тийиш. Мындан тышкары, мыйзамдын мазмуну бардык кызыкдар тараптардын колдоосуна ээ болушу үчүн мындай жоболорду кабыл алуу процесси ачык, баарына жеткиликтүү жана бардык кызыкдар тараптардын катышуусуна негизделүүгө тийиш.

Бирок, Жобонун көптөгөн ченемдери бүдөмүк жана түшүнүксүз бойдон калууда. Жобо КЭУларга карата Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзамда каралбаган ашыкча талаптарды коюп жатат. Бул ар кандай мамлекеттик органдарга Чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө мыйзамда берилген ыйгарым укуктардын алкагынан чыккан ыйгарым укуктарды берүү менен кызматкерлердин жеке маалыматтарды коргоо укуктарын бузуу

менен КЭУларга негизсиз оорчулук келтирип жатат. Текшерүүлөрдүн жол-жоболорунун так эместиги КЭУларды негизсиз же саясий жүйөсү бар иш-аракеттерден тийиштүү түрдө коргобостон, өзүм билемдик менен жүргүзүлгөн текшерүүлөр үчүн өбөлгөлөрдү түзөт. Юстиция министрлигинин чечимдерине сотко кайрылганга чейин ведомствонун өзүндө алдын ала даттануу талабы КЭУлардын соттон коргоо табуу аракетин чектеп жатат. Жобону ал боюнча коомдук талкуу өткөрүү жана болгон бардык кемчиликтерди жоюу менен кайра карап чыгуу сунушталат.

Эл аралык Коммерциялык эмес укук борбору Жобого карата өз пикирин айтуу мүмкүнчүлүгү үчүн ыраазы.